ПО 1.23

202

С. Нааматов атындагы НМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2022 жылдын "1" "июнундагы" отурумунда №9/3,4 протокол менен каралган.

«БЕКИТЕМИН»
С. Нааматов атындагы НМУнун ректору _______ Э. М. Байбагышов
"___" июнь _______ 2022-жыл.

# Жогорку билим берүүнүн негизги билим берүү программалары – бакалавриаттын, специалитеттин, магистратуранын программалары боюнча стартап формасында аткарылуучу бүтүрүү квалификациялык иши жөнүндө

## ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Жогорку билим берүүнүн негизги билим берүү программалары (мындан ары – НББП) – бакалавриаттын, специалитеттин, магистратуранын программалары боюнча стартап формасында аткарылуучу бүтүрүү квалификациялык иши жөнүндө ушул жобо (мындан ары – Стартап формасындагы БКИ жөнүндө жобо) стартап формасындагы бүтүрүү квалификациялык иштеринин (мындан ары – СБКИ) мазмунуна карата талаптарды жана даярдоо менен коргоо тартибин аныктайт.

1.2. Стартап формасындагы БКИ жөнүндө жобо Бүтүрүү квалификациялык иши жөнүндө жобого толуктоо катары колдонулат.

1.3. СБКИ илимий-изилдөөчүлүк жана (же) тажрыйбалык-конструкторлук, жана (же) чыгармачылык, жана (же) социалдык ишмердүүлүктүн команда тарабынан түзүлгөн жана инвестицияларды алууга даяр, масштабдуу жана кайра өндүрүлүүчү натыйжаларын иштеп чыгуу жана коммерциялаштыруу боюнча реалдуу иштеп жаткан же идея стадиясында турган бизнес-долбоор болуп эсептелет. СБКИ бүтүрүүчүнүн (бүтүрүүчүлөрдүн) өз алдынча кесиптик ишмердүүлүккө даярдык деңгээлин көрсөтүүгө жана ЖКББнүн МББСда аныкталган компетенцияларды өздөштүрүүсүн тастыктоого тийиш. Стартаптын негизги милдети инновациялык өнүмдү (товарды, технологияны, кызмат көрсөтүүнү же процессти) жана (же) жаңы бизнес-моделдерди түзүү, өнөктөштөрдү жана өнүмдүн керектөөчүлөрүн издөө, ошондой эле туруктуу жана масштабдуу бизнес-моделди түзүү үчүн каржылоо тартуу.

1.4. СБКИ бүтүрүүчү курстун бир же бир нече даярдоо багыттарынын/адистиктеринин үчтөн ашпаган бүтүрүүчүсүн камтыган стартап командасы тарабынан аткарылат. Өзгөчө учурларда бүтүрүүчү курстун студенттеринин саны эксперттик топ менен макулдашылып көбөйтүлөт. Стартап командасынын курамына Университеттин башка студенттери окуп жаткан курсуна карабай, Университеттин окутуучулук курамынын мүчөлөрү жана (же) сырткаркы адистер да тартыла алат, алар инновациялык өнүмдү түзүү жана аны базарга чыгаруу боюнча ишти чогуу жүзөгө ашырышат. СБКИнин маанилүү шарты бүтүрүүчүнүн стартап командасындагы ролунун жана кызматтык

милдеттеринин ЖКББнүн МББСда аныкталган компетенцияларды өздөштүрүүсүн тастыктаган шайкештиги болуп саналат.
1.5. Бүтүрүүчүнүн СБКИ тандоосу БКИнин темасын бекитүүгө арызда чагылтылат. Арыздын формасы 1- жана 2-тиркемеде келтирилген.
1.6. СБКИнин темасынын аныктамасы стартаптын бизнес-идеясынын аталышын жана маңызын чагылтууга тийиш. СБКИнин демилгелүү темасын бекитүүнүн милдеттүү шарты анын даярдоо багытынын/адистиктин бүтүрүүчүсүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн аймактарына, объектилерине жана түрлөрүнө шайкештиги болуп саналат.
1.7. СБКИнин илимий жетекчилерин, зарылдыгы болсо, илимий кеңешчилерин дайындоо, СБКИти коргоого сунуштоо, рецензиялоо, СБКИ жөнүндө пикирлерди даярдоо, апелляцияга берүү тартиби Университетте иштеп жаткан БКИ жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.
1.8. СБКИти даярдоонун алкагында бүтүрүүчүлөргө ишкерлик жүргүзүү тажрыйбасы жана (же) чакан жана орто ишкердикти колдоо мамлекеттик же муниципалдык түзүмдөрүндө иштөө тажрыйбасы жана (же) чакан ишкердиктин венчурдук фонддорунда жана (же) акселераторлорунда/инкубаторлорунда иштөө тажрыйбасы бар коммерциялык же коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрүнөн, жана (же) жеке ишкерлерден, жана (же) мамлекеттик же муниципалдык кызматкерлерден кеңешчи-насаатчы дайындалат.

## 2. Стартап формасындагы БКИнин классификациясы. Стартап формасындагы БКИ аткаруу үчүн катышуучуларды тандоонун чен-өлчөмдөрү

2.1. СБКИ төмөнкү түрлөрдөгү бизнес-долбоор болуп саналат:
- бизнес-долбоор катары стартап – иштеп чыгуу стадиясында турат жана инвестицияларды алууга даяр идея, же реалдуу иштеп жаткан бизнес-долбоор болуп саналат, экономика чөйрөсүндө ишке ашырылуучу жаңы бизнес-моделдерге негизделет;
- технологиялык стартап – улуттук технологиялык демилгени өнүктүрүүнүн, алдыңкы өндүрүштүк технологиялардын дараметин арттыруунун, бизнести санариптештирүүнүн жана туруктуу өнүктүрүүнүн эл аралык максаттарынын контекстиндеги технологиялык инновациялык иштелмелерге жана аларды коммерциялаштырууга негизделет;
- социалдык ишкердик чөйрөсүндөгү стартап – социалдык таасир кылуу милдеттерин чечүүгө багытталган жана (же) коомдун социалдык көйгөйлөрүн чечүүгө түрткү болгон бизнес-долбоор;
- чыгармачыл индустриялар чөйрөсүндөгү стартап – чыгармачыл интеллектуалдык менчикти түзүү, өндүрүү жана колдонуу дараметине ээ болгон өндүрүм менен байланышкан бизнес-долбоор. Чыгармачыл индустриялар төмөнкүлөр болуп саналат: адабият, көркөм котормо, аткаруучулук жана көрүүчүлүк өнөрлөр, дизайн, кино, телекөрсөтүү ж.б. жаатындагы ишмердүүлүк.
2.2. СБКИ бүтүрүүчүлөр тарабынан команданын курамында аткарылат да,

төмөнкү чен-өлчөмдөрдүн ичинен минимум экөөнө жооп берет:

| Тастыктоо ыгы | Тастыктоочу документтери |
|---|---|
| - стартап командасынын бүтүрүүчүсү/ бүтүрүүчүлөрдүн бири жеке ишкер болуп саналат же юридикалык жактын (юридикалык жактын штаттык саны 2 адамдан кем эмес) негиздөөчүсү/ катышуучусу болуп чыгат; | - Уставдын жана (же) уюштуруучулук документтеринин көчүрмөлөрү;<br>- КР Мамлекеттик салык кызматынын Юридикалык жактардын бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмө;<br>- Жеке ишкерлердин бирдиктүү мамлекеттик реестринен көчүрмө; |
| - бүтүрүүчү(лөр) Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү институттарынан жана (же) башка уюмдардан гранттарды алуучу(лар) болуп саналат; | - коргоого коюлган долбоорду каржылоо үчүн каржылоо алууну күбөлөндүрүүчү бекитилген гранттарга өтүнмөлөрдүн жана (же) өнүктүрүү институттары жана башка уюмдар менен пайда алуучулардын ФАА көрсөтүлгөн келишимдердин көчүрмөлөрү; |
| - бүтүрүүчү(лөр) «Енактас Кыргызстандын» резиденти болуп саналган стартап командага киришет; | - «Енактас Кыргызстандын» резиденти экенин күбөлөндүрүүчү документтеринин көчүрмөлөрү; |
| - бүтүрүүчү(лөр) Университеттин бизнес-инкубаторунун ж.б. уюмдарынын резиденти болуп саналган стартап командага киришет; | - Университеттин бизнес-инкубаторунун ж.б. уюмдарынын резиденти экенин күбөлөндүрүүчү документтеринин көчүрмөлөрү; |
| - долбоордо прототип же MVP (минималдуу жашоого жөндөмдүү өнүм) иштелип чыккан; | - бүтүрүүчүлөр БКИти бизнес-долбоор (стартап) форматында коргоодо жумушчу прототипти же MVP (минималдуу жашоого жөндөмдүү өнүмдү) сунушташат; |
| - долбоор масштабдуу даражетке ээ; | - өнүктүрүү институттарынан, жана (же) индустриялык өнөктөштөрдөн, жана (же) бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнөн алынган эксперттик баалоо; |
| - долбоорду иштеп чыгуу жана илгерилетүү үчүн каржылоо жана (же) индустриялык өнөктөштөр тартылган жана (же) пайда алынган. | - коргоого коюлган долбоор үчүн каржылоо алууну күбөлөндүрүүчү өнүктүрүү институттары жана башка уюмдар менен пайда алуучулардын ФАА көрсөтүлгөн гранттарга бекитилген өтүнмөлөрдүн/ патенттерге кабыл алынган өтүнмөлөрдүн жана (же) келишимдердин көчүрмөлөрү;<br>- өнүмдү сатып алуучу компания менен келишимдин көчүрмөсү, сатып алуучудан каражаттардын түшүүсүн тастыктоо үчүн эсептен көчүрмө;<br>- индустриялык өнөктөштөр менен кызматташтык жөнүндө келишимдин көчүрмөсү, долбоордо аткарылууга тийиш болгон жумуштарды сыпаттоо менен техникалык тапшырма, натыйжаларды өткөрүп берүү-кабыл алуу акты же изилдөөнүн натыйжаларын колдонууга киргизүү акты, же буюртмачынын эксперттик корутундусу же стартаптын модели боюнча концепциялуу чечими. |

## 3. Стартап формасындагы БКИти коргоого даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөрдү коштоо боюнча эксперттик топ

3.1. СБКИти коргоого даярдоо үчүн бүтүрүүчүлөрдү коштоо максатында эксперттик топ түзүлөт, анын курамы илим жана өнүктүрүү боюнча проректордун буйругу менен бекитилет.

3.2. Эксперттик топтун курамына долбоорлук жана (же) ишкердик ишмердүүлүк тажрыйбасына ээ болгон Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын ичинен; бизнес-коомчулуктун өкүлдөрүнөн, төмөнкү талаптардын минимум экөөнө ылайык келген 5тен кем эмес адам кирет:

- ишкердик, инновациялык ишмердүүлүк, долбоордук ишмердүүлүк жаатындагы дисциплиналарды окутуунун 3 (үч) жылдан кем эмес стажына ээлиги;
- илимдин кандидаты жана (же) доктору окумуштуулук даражасынын барлыгы;
- ишкердик боюнча акселерациялык программаларды жана (же) билим берүүчүлүк программаларды иштеп чыгуу менен ишке ашыруу тажрыйбасынын барлыгы;
- билим берүүчүлүк программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу тажрыйбасынын барлыгы;
- инновациялык типтеги иштелмелеринин барлыгы;
- тиешелүү профилдеги кыргызстандык жана (же) эл аралык чыгармачыл союздарга мүчөлүгүнүн барлыгы;
- бизнес-долбоорлорду ишке ашыруу тажрыйбасынын барлыгы.

3.3. Эксперттик топтун милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

- СБКИти даярдоо жана коргоо жол-жоболорун билим берүү процессине киргизүүнү камсыздоо;
- СБКИти даярдоо жана коргоо үчүн талапкерлерди тандоону камсыздоо;
- Университеттин билим берүү процессин уюштурууга жана билим берүү программаларын ишке ашырууга катышкан түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ортосунда өз ара аракеттешүүнү камсыздоо.

3.4. Эксперттик топ СБКИти коргоо мерчемделип жаткан окуу жылынан мурунку окуу жылынын май-июнь айларында, СБКИти коргоо боюнча документтерди жана ошол иш-чаралар боюнча маалыматтык компаниянын программасын иштеп чыгуу жана (же) актуалдаштыруу максатында отурум өткөрөт.

3.5. СБКИти коргоо мерчемделип жаткан окуу жылынын (мындан ары – учурдагы окуу жылынын) сентябрь-октябрь айларында бүтүрүүчүлөр факультеттин деканынын жана кафедра башчынын наамына СБКИти даярдоо жана коргоо программасына катышууга жазуу жүзүндө жана электрондук түрдө арыз беришет (1-2-тиркемелер).

3.6. Эксперттик топ ноябрда СБКИти даярдоо жана коргоо программасынын катышуучуларын тандоо жүргүзүү тартибине ылайык талапкерлерди тандоону жүзөгө ашырат. Эксперттик топтун СБКИти аткаруу боюнча отурумунун жыйынтыктары менен протокол тариздeлет да, зарылдыгы болсо

бүтүрүүчүлөрдүн СБКИти жетектөө жүзөгө ашырылып жаткан кафедранын башчысына. СБКИти даярдоо жана коргоо программасына катышуучу-бүтүрүүчүлөрдүн СБКИнин темасын тактоо жөнүндө сунуш кат даярдалат.

3.7. Бүтүрүүчүлөрдүн СБКИнин жетекчиси тема илим жана өнүктүрүү боюнча проректордун буйругу менен бекитилген учурдан баштап 5 жумуш күнү ичинде тапшырма берет (3-4-5-тиркемелер).

3.8. Учурдагы окуу жылынын январынан июнуна чейинки мезгилде эксперттик топ бүтүрүүчү жана (же) стартап командасы үчүн төмөнкү иш-чаралар программасын ишке ашырат:

- долбоорлорду өнүктүрүү үчүн каржылоо тартуу максатында конкурстарга даярдоо;
- долбоорлорду эксперттик баалоо үчүн кеңешчилерди тартуу;
- ишкердик, долбоорлук жана башка компетенцияларды калыптандырууга багытталган билим берүүчүлүк иш-чараларды (семинарларды, чебер-класстарды, тренингдерди) өткөрүү;
- Университеттин өнөктөштөрүнүн колдоосу менен долбоорлорду өнүктүрүүгө багытталган билим берүүчүлүк жана башка иш-чараларды уюштуруу.

3.9. СБКИти коргоо күнүнө чейин 6 жумадан кечиктирбей эксперттик топ бүтүрүүчү кафедранын өкүлдөрү менен чогуу бүтүрүүчүлөр үчүн СБКИти алдын ала коргоону уюштурат. Долбоорлорду алдын ала коргоо бүтүрүүчүлөр тарабынан долбоорду иштеп чыгуунун натыйжаларын эксперттик топко презентациялоо формасында өткөрүлөт. Алдын ала коргоонун жыйынтыктары жана жетекчилердин пикири (6-тиркеме), рецензенттердин рецензиясы (7-тиркеме) боюнча эксперттик топ бүтүрүүчүлөргө СБКИти коргоого уруксат кылуу жөнүндө чечим чыгарат. Эксперттик топ тарабынан бүтүрүүчүлөргө СБКИти коргоого уруксат кылуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда стартап-команда долбоордун натыйжаларын СБКИтин түзүмүнө (Стартап формасындагы БКИ жөнүндө жобонун 4.2-пункту) ылайык тариздейт. Эксперттик топ тарабынан бүтүрүүчүлөргө СБКИти коргоого уруксат кылбоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурда стартап-команда долбоорду жеткире иштеп чыгууга милдеттендирилет. Кабыл алынган чечимдин жыйынтыктары боюнча эксперттик топ бүтүрүүчү кафедрага СБКИтин чен-өлчөмдөргө шайкештиги жана СБКИти коргоо мүмкүндүгү жөнүндө корутунду берет.

3.10. Эксперттик топ СБКИти коргоо жол-жобосун мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүнүн графигине ылайык уюштурат.

## 4. Стартап формасындагы БКИке коюлуучу талаптар

4.1. Университеттин бүтүрүүчүлөрү тарабынан аткарылуучу СБКИтин түзүмүнө жана тариздилишине коюлуучу жалпы талаптар БКИ жөнүндө жобо менен аныкталат.

4.2. СБКИке коюлуучу бөтөнчө талаптар төмөнкүлөр болуп саналат:

- бүтүрүүчүнүн СБКИке тапшырмаларды долбоордун башка катышуучуларынын жетекчилери менен макулдашуусу (бүтүрүүчүлөрдүн жетекчилери ар башка болгон учурда);

- СБКИке тапшырмаларды эки бөлүктөн даярдоо: тапшырманын биринчи бөлүгү стартап командасынын бардык мүчөлөрү үчүн бирдей, экинчи бөлүгү – стартап командасынын мүчөсү окуп жаткан даярдоо багытынын/адистиктин спецификасы менен байланышкан жекече тапшырма;
- СБКИтин биринчи бөлүмүнө негизги түшүнүктөрдү, тренддердин жана базардын сыпаттамасын (максаттуу аудиторияны, атаандаштарды, аналогдорду), иштелип чыккан өнүмдү/технологияны, бизнес-моделди, финансылык планды жана долбоорду масштабдуу кылуу/илгерилетүү даражасын камтыган долбоордун жалпы сыпатталышын киргизүү;
- экинчи жана үчүнчү бөлүмдөрүндө СБКИтин тапшырмасына ылайык долбоордогу жекече иштин натыйжаларын берүү;
- СБКИтин жетекчилери тарабынан бүтүрүүчүлөрдүн стартап командасында СБКИти даярдоо мезгилинде чогуу иштөөсү жөнүндө команданын ар бир мүчөсүнүн жеке салымын көрсөтүү менен пикир даярдоо;
- СБКИти Университеттин окутуучуларынын ичинен (1ден кем эмес рецензия) жана кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү аймагындагы адистердин ичинен (2ден кем эмес рецензия) эксперттердин, бүтүрүүчүнүн даярдоо багытына/адистигине жараша милдеттүү рецензиялоосу.

4.3. СБКИтин натыйжаларын практикалык колдонууга киргизүү бар болгондо иштин колдонууга киргизилген конкреттүү элементтери көрсөтүлгөн маалымкат таризделет.

## 5. Стартап формасындагы БКИти коргоо үчүн мамлекеттик экзамендик комиссиялардын курамын түзүү жана анын кызматтары

5.1. СБКИти коргоо МЭКнын төрагасын, мүчөлөрүн жана катчысын, ошондой эле комиссиянын иштөө тартибин бекитүү Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобого жана университеттин башка ченемдик-укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

5.2. Эгерде долбоордун командасында түрдүү даярдоо багыттарынын/адистиктердин бүтүрүүчүлөрү болсо, анда ар бир бүтүрүүчү үчүн тиешелүү даярдоо багыты/адистиги боюнча МЭКнын өзүнүн төрагасы бар комиссия түзүлөт да, МЭКнын бириктирилген отуруму өткөрүлөт.

5.3. Мамлекеттик экзамендик комиссиянын курамына комиссиянын төрагасы жана комиссиянын үчтөн кем эмес мүчөлөрү киришет. МЭКнын мүчөлөрү жетектоочу адистер – кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү аймагындагы жумуш берүүчүлөрдүн же алардын бирикмелеринин өкүлдөрү жана (же) Университеттин профессордук-окутуучулук курамына киришкен, окумуштуулук даражага жана (же) наамга ээ болушкан адамдар болуп саналышат.

5.4. СБКИти коргоо үчүн МЭКнын курамына СБКИти коргоого чыгарылган стартапты (долбоорду) анын бизнес-моделин иштеп чыгуунун сапаты менен даражасы жана чыныгы базар шарттарына ылайыктыгы жаатында баалоого жөндөмдүү бизнестин бир өкүлү кирет. МЭКнын курамындагы бизнестин өкүлдөрү кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү аймагындагы сырткаркы

уюмдардын кызматчылары болууга жана (же) бизнес-долбоорлорду ишке ашыруу (бизнес жүргүзүү) тажрыйбасына ээ болууга тийиш.

5.5. СБКИти коргоо үчүн түзүлгөн МЭКнын негизги кызматтарына, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жободо аныкталган кызматтардан сырткары, стартаптын бизнес-моделин иштеп чыгуунун сапаты менен даражасын жана анын чыныгы базар шарттарына ылайыктыгын баалоо кирет.

5.6. СБКИти коргоо үчүн түзүлгөн МЭКнын отурумдары, эгерде аларга МЭКнын курамына кирген адамдардын үчтөн экиси, анын ичинде ушул Жобонун 5.4-п. ылайык киргизилген бизнестин бир өкүлү катышса, укук ченемдүү болот.

## 6. Стартап формасындагы БКИти коргоо жол-жобосун жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрү

6.1. СБКИти коргоону жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жободо аныкталган.

6.2. СБКИти баалоонун чен-өлчөмдөрү менен шкалалары БКИти баалоонун чен-өлчөмдөрү менен шкалаларына шайкеш келишет да, СБКИти коргоого койгон ар бир бүтүрүүчү өздөштүрүп жаткан негизги билим берүү программасы боюнча МЖАнын программалары менен аныкталышат.

6.3. СБКИти чогуу аткарышкан бир нече бүтүрүүчү коргогон учурда, ар бир катышуучунун жекече салымын баалоо максатында коргоо ар бир катышуучу тарабынан жүзөгө ашырылат (катышуучулардын аныкталган ролдоруна жана жекече аткарган иштерине жараша).

6.4. СБКИти коргоо стартап командалары тарабынан жүргүзүлөт.

6.5. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо менен бекитилген документтерден сырткары, СБКИти коргоо күнүнө чейин 2 жумуш күнүнөн кечиктирбей, бүтүрүүчүлөр төмөнкүлөрдү тапшырышат:

- тандоо чен-өлчөмдөрүнө шайкештикти тастыктоочу документтерди (тастыктоочу документтердин тизмеси Стартап формасындагы БКИ жөнүндө жобонун 2.2-п. келтирилген);
- СБКИнин мазмуну боюнча жетекчинин пикирин жана рецензенттин рецензиясын;
- СБКИти коргоого уруксат кылуу жөнүндө эксперттик топтун чечимин, презентацияны жана башка таркатма материалды.

6.6. СБКИти коргоо аткарылган иштин темасы боюнча бүтүрүүчүнүн баяндамасынан башталат. Баяндамада долбоордун жалпы сыпаттамасын жана долбоорду иштеп чыгуу менен өнүктүрүүгө жекече салымды берүү зарыл.

6.7. Баяндаманын узактыгы жогорку билим берүүнүн деңгээлинен көз каранды болот: бакалавриат жана специалитет – 10 мүнөткө чейин, магистратура – 15 мүнөтко чейин. Баяндаманын убактысы МЭКнын кароосу боюнча бүтүрүүчүлөрдүн-стартаптын катышуучуларынын санына жараша көбөйтүлө алат.

6.8. Жалпы чыгып сүйлөөдөн кийин ар бир бүтүрүүчү МЭКнын мүчөлөрүнүн суроолоруна жооп берүүгө тийиш. Суроолор жана жооптор протоколго түшүрүлөт (8-тиркеме). Бүтүрүүчүлөрдүн суроолорго жоопторунан кийин, эгерде алар отурумга катышып жатышса, сөз СБКИтин жетекчилерине берилет. Жетекчилер жок болгон учурда алардын пикирин МЭКнын катчысы окуйт. Жетекчилердин чыгып сүйлөөсүнөн кийин сөз рецензенттерге берилет. Рецензенттер сөзүнүн аягында СБКИке баа беришет. Алар отурумда жок болгон учурда пикирлерди МЭКнын катчысы окуйт. Жыйынтыктоочу сөздө ар бир бүтүрүүчү же стартап командасынын жетекчиси рецензенттердин сын-пикирлерине жооп берип, аларга макул болот же негиздүү түрдө каршы болот.

6.9. СБКИти коргоонун жыйынтыктары боюнча стартаптын ар бир катышуучусуна баалар жекече коюлат. МЭК ар бир бүтүрүүчүгө карата кабыл алган чечимдер протокол менен тариздeлет.

6.10. Протокол ар бир бүтүрүүчүгө түзүлөт. Протоколго тиешелүү мамлекеттик экзамендик комиссиянын төрагасы кол коёт.

6.11. Бүтүрүүчү анын пикири боюнча, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобо менен аныкталган мамлекеттик аттестациялык сынактын жол-жобосун бузуу жөнүндө апелляциялык комиссияга аныкталган тартипте жазуу жүзүндө апелляция берүүгө укуктуу.

## 7. Жыйынтыктоочу жоболор

7.1. Жобо Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде Университеттин ректорунун буйругу менен ишке киргизилген учурдан баштап күчүнө кирет.

**Макулдашылды:**

**Илим жана окуткуу боюнча проректор** **А. С. Жантаев**

**Юрист** **Н. Т. Андабеков**

# ТИРКЕМЕЛЕР

**1-ТИРКЕМЕ**

**Бүтүрүүчүнүн декандын наамына арызынын формасы**

Агрардык-техникалык факультеттин
деканы т.и.к., доцент Э. Д. Молдалиевге
710100 информатика жана эсептөөчү
техника ЖКББнүн НББПсы боюнча
3-курста ИВТ-19 тайпасында күндүзгү
окуу формасында окуган
студент Актанов Алымбектен

Арыз

Мага стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишин даярдоого жана коргоого, БКИтин темасын аныктоого жана жетекчисин дайындоого уруксат кылууңузду өтүнөм.

Стартаптын (бизнес-долбоордун) сунушталуучу темасы:
________________________________________________________________
________________________________________________________________
______________________________.

Стартап командасына төмөнкү бүтүрүүчүлөрдү кошууңузду өтүнөм*:

| К№ | Ф.А.А. | ЖКББнүн НББПНын коду жана аталышы | Курсу | Тайпасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |

Стартап командасынын мүчөсүнүн милдеттерин ак пейилден аткарууга жана стартаптын (бизнес-долбоордун) мага тапшырылган бөлүгүн иштеп чыгуунун жүрүшү жана стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишин даярдоонун жүрүшү жөнүндө отчеттуулуктун мөөнөттөрүнө коюлуучу талаптарды сактоого милдеттенем.

Күнү                                        Колу

*Арыз берүүчүдө стартап командасынын мүчөлөрүнө талапкерлер жок болсо, арызда ушул тексттин жана жадыбалдын ордуна «Стартап командасынын курамын түзүүгө жардам көрсөтүүңүздү өтүнөм» деген жазуу жазылат.

**2-ТИРКЕМЕ**

**Бүтүрүүчүнүн кафедра башчынын наамына арызынын формасы**

Маалыматтык технологиялар кафедрасынын
башчысы ф.-м.и.к., доцент С. Кулманбетовага
710100 информатика жана эсептөөчү
техника ЖКББнүн НББПсы боюнча
3-курста ИВТ-19 тайпасында күндүзгү
окуу формасында окуган
студент Актанов Алымбектен

Арыз

Мага стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишинин темасын «________________________________________________________________
________________________________________________________________
________________» деген темада бекитүүңүздү жана БКИтин жетекчиси кылып, п.и.к., доцент Д. М. Ажыбаевди дайындооңузду өтүнөм.

Стартап командасынын мүчөсүнүн милдеттерин ак пейилден аткарууга жана стартаптын (бизнес-долбоордун) мага тапшырылган бөлүгүн иштеп чыгуунун жүрүшү жана стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишин даярдоонун жүрүшү жөнүндө отчеттуулуктун мөөнөтторүнө коюлуучу талаптарды сактоого милдеттенем.

Күнү Колу

**3-ТИРКЕМЕ**

**Бакалавриаттын программасы боюнча стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишине тапшырманын формасы**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**
**Агрардык-техникалык факультет**
**Маалыматтык технологиялар кафедрасы**

БЕКИТЕМИН
Кафедра башчы _______________С. Кулманбетова
2022-жылдын «____»______________________

БАКАЛАВРИАТТЫН ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА БҮТҮРҮҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШИНЕ ТАПШЫРМА

Студент _______________________________________НББП _________________ тайпа____________

1. «_________________________________________________________________________ ______________________________________________________________________» темасы факультеттин окуу-усулдук кеңешинде жактырылган жана 2022-жылдын «____»___________________ №___ протокол менен бекитилген.

2. Ишти коргоого коюунун мөөнөтү: 2023-жылдын «___»____________________ .

3. БКИтин жалпы бөлүгү:
Стартаптын (бизнес-долбоордун) компьютердик презентациясын даярдоо

4. БКИтин жекече бөлүгү:

4.1. Баштапкы маалыматтар: _______________________________________________
______________________________________________________________________________
______________________________________________________________________________
____________________________

4.2. Иштин мазмуну (бөлүмдөрү боюнча):

4.2.1. Кириш үү

4.2.2.

4.2.3.

4.2.4.

5. Графикалык материалдын тизмеси (эгерде тапшырмада каралган болсо):
______________________________________________________________________________
______________________________________________________________________________

БКИтин жетекчиси колу, күнү Ф.А.А.

Тапшырманы аткарууга кабыл алдым. колу, күнү Ф.А.А.

**4-ТИРКЕМЕ**

**Специалитеттин программасы боюнча стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишине тапшырманын формасы**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**
**Агрардык-техникалык факультет**
**Маалыматтык технологиялар кафедрасы**

БЕКИТЕМИН
Кафедра башчы ______________С. Кулманбетова
2022-жылдын «____»____________________

СПЕЦИАЛИТЕТТИН ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА БҮТҮРҮҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШИНЕ ТАПШЫРМА

Студент ______________________________________НББП ______________
тайпа____________
1.
«__________________________________________________________________»
_____________________________________________________________________
темасы факультеттин окуу-усулдук кеңешинде жактырылган жана 2022-жылдын «____»________________ №___ протокол менен бекитилген.
2. Ишти коргоого коюунун мөөнөтү: 2023-жылдын «___»__________________ .
3. БКИтин жалпы бөлүгү:
Стартаптын (бизнес-долбоордун) компьютердик презентациясын даярдоо
4. БКИтин жекече бөлүгү:
4.1. Баштапкы маалыматтар: ___________________________________________
_____________________________________________________________________
_____________________________________________________________________
4.2. БКИтин түшүнүк катынын мазмуну (бөлүмдөрү боюнча):

- Кыскартуулардын, шарттуу белгилердин жана терминдердин тизмеси
- Киришүү
- Негизги бөлүк (бөлүмдөрү боюнча)
- Корутунду
- Пайдаланылган адабияттардын тизмеси

5. Графикалык материалдын тизмеси (эгерде тапшырмада каралган болсо):
_____________________________________________________________________
_____________________________________________________________________

| | | |
|---|---|---|
| БКИтин жетекчиси | колу, күнү | Ф.А.А. |
| Тапшырманы аткарууга кабыл алдым. | колу, күнү | Ф.А.А. |

**5-ТИРКЕМЕ**

**Магистратуранын программасы боюнча стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишине тапшырманын формасы**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**
**Магистратура, аспирантура жана докторантура борбору**
**Маалыматтык технологиялар кафедрасы**

БЕКИТЕМИН
Кафедра башчы _______________С. Кулманбетова
2022-жылдын «____»______________________

МАГИСТРАТУРАНЫН ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА БҮТҮРҮҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШИНЕ ТАПШЫРМА

Студент _______________________________________НББП ________________
тайпа____________
1. «____________________________________________________________________________
____________________________________________________________________» темасы магистратура, аспирантура жана докторантура борборунун окуу-усулдук кеңешинде жактырылган жана 2022-жылдын «____»___________________ №___ протокол менен бекитилген.
2. Ишти коргоого коюунун мөөнөтү: 2023-жылдын «___»____________________ .
3. БКИтин жалпы бөлүгү:
Стартаптын (бизнес-долбоордун) компьютердик презентациясын даярдоо
4. БКИтин жекече бөлүгү:
4.1. Баштапкы маалыматтар: _______________________________________________
_____________________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________
4.2. БКИтин түшүнүк катынын мазмуну (бөлүмдөрү боюнча):

- Кыскартуулардын, шарттуу белгилердин жана терминдердин тизмеси
- Кириш үү
- Негизги бөлүк (бөлүмдөрү боюнча)
- Корутунду
- Пайдаланылган адабияттардын тизмеси

5. Графикалык материалдын тизмеси (эгерде тапшырмада каралган болсо):
_____________________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________

| | | |
|---|---|---|
| БКИтин жетекчиси | колу, күнү | Ф.А.А. |
| Тапшырманы аткарууга кабыл алдым. | колу, күнү | Ф.А.А. |

**6-ТИРКЕМЕ**

**Стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишинин жетекчисинин пикиринин формасы**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**
**Агрардык-техникалык факультет**
**Маалыматтык технологиялар кафедрасы**

______________________________даярдоо багытынын (адистигинин) ____________тайпасынын
студенти _____________________________________________________________
«_____________________________________________________________________
______________________________________________________» темасындагы стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишине жетекчинин

## ПИКИРИ

1. Иштин көлөмү: ____________ барак. Графикалык бөлүгү ____________барак.
2. БКИтин жалпы бөлүгү (стартап командасы менен чогуу аткарылган):
2.1. Стартаптын (бизнес-долбоордун) компьютердик презентациясы: _________
_____________________________________________________________________
____________
2.2. БКИтин жетекчисинин БКИтин авторунун стартап командасынын курамындагы иши жөнүндө пикири: ______________________________________
_____________________________________________________________________
____________
2.3. БКИтин жетекчисинин жалпы стартап командасынын иши жөнүндө пикири: ______________________________________________________________
_____________________________________________________________________
3. БКИтин жекече бөлүгү (өз алдынча аткарылган):
3.1. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери: ______________________________
_____________________________________________________________________
3.2. Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, теориялык, практикалык мааниси:
_____________________________________________________________________
_____________________________________________________________________
3.3. Иштин мазмунунун тапшырмага шайкештиги (толук же толук эмес):
_____________________________________________________________________
3.4. Иштин негизги артыкчылыктары менен кемчиликтери: _______________
_____________________________________________________________________
_____________________________________________________________________
3.5. Өз алдынчалык даражасы жана изилдөөчүлүк ишке жөндөмдүүлүгү (материалды издөө, жалпылоо, талдоо жана тыянактарды чыгаруу билгичтиктери менен көндүмдөрү): __________________________________
_____________________________________________________________________
3.6. Ишти аткаруу учурундагы бүтүрүүчүнүн ишмердүүлүгүн баалоо (ак

нейилдүүлүк, инике жөндөмдүүлүк, жоопкерчиликтүүлүк, тыкандык даражасы ж.б.у.с.): ____________________________________________

____________________________________________

3.7. Тексттин бөлүгүн, графикалык, демонстрациялык, иллюстрациялык, компьютердик жана маалыматтык материалды тариздөөнүн артыкчылыктары менен кемчиликтери. Тариздөөнүн стандарттардын талаптарына шайкештиги:

____________________________________________

____________________________________________

3.8. Изилдөөнүн натыйжаларын колдонууга киргизүүнүн максатка ылайыктуулугу жана мүмкүндүгү: ____________________________________________

____________________________________________

4. БКИти «Антиплагиат» тутумунан алуулардын көлөмүнө текшерүүнүн натыйжалары боюнча тексттин оригиналдуулугу _____%ды; алуулар ___%ды түзөт, анын ичинен укук ченемдүү алуулар ___%.

Укук ченемдүү алууларды эске алуу менен оригиналдуулукту жыйынтыктоочу баалоо, ___%ды түзөт.

Текшерүү жөнүндө отчет чыгарып тиркелет.

5. БКИти аткарууда автор ЖКББнүн МББСда аныкталган компетенциялардын калыптангандыгынын ______________ деңгээлин көрсөттү.

- жогору деңгээл («эң жакшы» деген баага ылайык);
- илгери деңгээл («жакшы» деген баага ылайык);
- босого деңгээл («канааттандырарлык» деген баага ылайык);
- жетишсиз деңгээл («канааттандырарлык эмес» деген баага ылайык).

6. Жалпы корутунду жана сунушталуучу баа: ____________________________________________

Жетекчи

____________________________________________

(Ф.А.А. кызматы, окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы)

Күнү: 2023-жылдын «_____»______________________ Колу ______________________

**7-ТИРКЕМЕ**

**Стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишине рецензенттин рецензиясынын формасы**

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**
**Агрардык-техникалык факультет**
**Маалыматтык технологиялар кафедрасы**

_____________________________даярдоо багытынын (адистигинин) ______________тайпасынын
студенти ______________________________________________________________
«_____________________________________________________________________
____________________________________________________» темасындагы стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишине рецензенттин

**РЕЦЕНЗИЯСЫ**

______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
______________________________________________________________________
_____________________________________________________________________*
______________________________________________________________________

Стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык иши:
1. Автор ЖКББнүн МББСда аныкталган компетенциялардын калыптангандыгынын ______________ деңгээлине ээ экендигин көрсөттү.
- жогору деңгээл («эң жакшы» деген баага ылайык);
- илгери деңгээл («жакшы» деген баага ылайык);
- босого деңгээл («канааттандырарлык» деген баага ылайык);
- жетишсиз деңгээл («канааттандырарлык эмес» деген баага ылайык).
2. Бүтүрүү квалификациялык иштерине коюлуучу талаптарга жооп берет жана коргоого уруксат кылынат.
3. ____________________________________деген баага татыктуу.

Рецензент
______________________________________________________________________
(Ф.А.А. кызматы. окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы)

Күнү: 2023-жылдын «____»______________________ Колу ____________________

* Рецензиянын мазмунунда рецензенттин стартап (бизнес-долбоор) жөнүндө жалпы жана БКИтин автору тарабынан өз алдынча аткарылган бөлүктөрү боюнча пикири чагылтылууга тийиш.

**8-ТИРКЕМЕ**

**Мамлекеттик аттестациялык сынакты алуу боюнча мамлекеттик экзамендик комиссиянын отурумунун**
**ПРОТОКОЛУ №________**

2023-жылдын «____» ______________________ ____саат____мүн. ____саат ____мүн. чейин

_______________________________даярдоо багытынын (адистигинин) _______________тайпасынын
студенти ______________________________________________________________
«______________________________________________________________
__________________________________________________________________»
темасындагы стартап (бизнес-долбоор) түрүндөгү бүтүрүү квалификациялык ишин кароо боюнча.

КАТЫШТЫ: төрага: ______________________________________________
мүчөлөрү:
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

Бүтүрүү квалификациялык иши ______________________________________
_____________________________________жетекчилиги менен аткарылган.

Мамлекеттик экзамендик комиссияга төмөнкү материалдар тапшырылган:

1. Стартаптын (бизнес-долбоордун) компьютердик презентациясы.
2. Бүтүрүү квалификациялык иштин тексти ____________баракта.
3. БКИке графикалык материал (чиймелер, жадыбалдар) ______________ баракта.
4. БКИтин жетекчисинин пикири.
5. БКИке рецензенттин рецензиясы.

Аткарылган бүтүрүү квалификациялык иши боюнча баяндамадан кийин бүтүрүүчүгө төмөнкү суроолор берилди.

БКИтин жалпы бөлүгү боюнча:

1. ______________________________________________________________
______________________________________________________________
(суроонун түюнтмасы жана суроо берген адамдын Ф.А.А.)

2. ______________________________________________________________
______________________________________________________________
(суроонун түюнтмасы жана суроо берген адамдын Ф.А.А.)

3. ___________________________________________________________________

(суроонун туюнтмасы жана суроо берген адамдын Ф.А.А.)

БКИтин жекече бөлүгү боюнча:

1. ___________________________________________________________________

(суроонун туюнтмасы жана суроо берген адамдын Ф.А.А.)

2. ___________________________________________________________________

(суроонун туюнтмасы жана суроо берген адамдын Ф.А.А.)

3. ___________________________________________________________________

(суроонун туюнтмасы жана суроо берген адамдын Ф.А.А.)

Ага берилген суроолорго бүтүрүүчүнүн жоопторунун мүнөздөмөсү

___________________________________________________________________

МЭКнын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн пикирлери:

- мамлекеттик аттестациялык сынактын жүрүшүндө аныкталган бүтүрүүчүнүн кесиптик милдеттерди чечүүгө даярдалгандык деңгээли (ЖКББнүн МББСда аныкталган компетенциялардын калыптангандык деңгээли) жөнүндө: ___________________

- жогору деңгээл («эң жакшы» деген баага ылайык);
- илгери деңгээл («жакшы» деген баага ылайык);
- босого деңгээл («канааттандырарлык» деген баага ылайык);
- жетишсиз деңгээл («канааттандырарлык эмес» деген баага ылайык).
- бүтүрүүчүнүн теориялык жана практикалык даярдыгындагы аныкталган кемчиликтер жөнүндө: ___________________________________________

Чечимги:

1. Бүтүрүүчү бүтүрүү квалификациялык ишин ___________________ деген баа менен аткарды жана коргоду деп табылсын.

2. Окуу планында каралган бардык мамлекеттик аттестациялык сынактарды ийгиликтүү тапшырган бүтүрүүчү ___________________________________________,

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

___________________________________ квалификациясы ыйгарылсын.

3. Аныкталган үлгүдөгү жогорку билими жана квалификациясы жөнүндө документ берилсин: ___________________________________________.

(керектүүсүн көрсөтүү: бакалаврдын дипломун, адистин дипломун, магистрдин дипломун)

Добуш берүүнүн жыйынтыктары: «макул» _________, «каршы» _________,

«калыс» ________ .

Комиссия мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири ______________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

| | | |
|---|---|---|
| Төрага | колу, күнү | Ф.А.А. |
| Катчы | колу, күнү | Ф.А.А. |